**2019- жылы жүргүзүлгөн  эл аралык иш-чаралары**

2019-жылдын февраль айында География, экология жана туризм факультети Эл аралык “GLOBE” жана НАБУ уюмдары менен бирге «Экологиялык билим берүүнү жогорулатуу» темасында тренинг өткөрдү. Ага тренерлер Чехиядан, Россиядан да тартылды. Тренинге Кыргызстандын бардык облустарынан 45 мектеп мугалимдери катышты жана дүйнөнүн 122 мамлекети мүчө болгон эл аралык GLOBE уюмуна мүчө мектептерден болуп калышты. GLOBE эл аралык уюмунун Кыргызстандагы координатору – Dr.rer.nat., доцент Мураталы Дуйшонакунов.  GLOBE уюмунун негизги максаты мектеп окуучуларын жана студенттерди айлана-чөйрөгө байкоо жүргүзүүгө жана алынган маалыматтарга анализ кылууга үйрөтүү болуп саналат.




2019 – жылы июнь айында факультеттин студенттери Швециария, Германия, Франциядан келген профессор, докторант,  студент, магистранттар менен биргеликте практика өтүштү. Румынядан келген г.и.д.профессор Мехай Вода , Раду Негру  1- 2 – курстун студенттерине окуу  талаа практикасы учурунда лекция окушту.

Физикалык география  кафедрасынын доценти М.Т. Дүйшөнакунов Румынянын Дмитрий   Кантемир, Япониянын Ниигата, Италиянын  Триест университтеринин студенттерине лекция окуп келди.



Физикалык география кафедрасынын башчысы, доцент А.Ж. Кендирбаева Германиянын Констанц, Фрайбург, Йенск, Тарант, Дрезден, Карлс-Руе университеттеринин студенттерине лекция окуп, дүйнөгө белгилүү окумуштуулар менен пикир алмашты.



География, экология жана туризм факультетинин деканы Р.А.Токторова, туризм жана рекреациялык география кафедрасынын доценти Р.Б. Осмонбекова, ага окутуучусу Сарсеитова А.Ш. менен биргеликте Турцияда студенттердин өндүрүштүк практикасынын жүрүшү менен таанышып келишти. Факультеттин деканы, доцент Р.А. Токторова М.Акмулла атындагы Башкорстан мамлекеттик университеттиде өткөн Эл аралык илимий

практикалык конфереciясына илимий доклад менен катышып, экологиялык билим берүүнү жакшыртуу боюнча талкууга катышып, ЖОЖдун ортосунда эки дипломдуу магистранттарды даярдоо боюнча келишимге кол коюлду.



Экология жана жаратылышты пайдалануу кафедрасынын башчысы Н.К. Теңирбердиев Ташкентте жана Ашхабадда өткөн " Борбордук Азияда суу чарба секторунун өнүгүшүнүн ачкычы – кадрларда" деген Эл аралык конференцияларга катышып келди.



2019 - жылы 27-ноябрь күнү Лиссабон университетинин география институтунун профессору Антонио Эдуардо Мендонсон факультеттин мугалимдери, магистранттары жана студенттерине " Европадагы КМШ өлкөлөрүнүн мигранттарынын абалы " деген темада лекция окуду.

2019-жылдын 9-декабрында ректораттын жыйындар залында университеттин түзүм жетекчилери катышкан чогулуш болуп, жыйында Кыргызстандын жогорку окуу жайларындагы билим берүү программаларынын рейтингин аныктоонун жыйынтыгы каралды. КУУнун ректору Канат Садыков аталган рейтинг Казакстандын НААР/IAAR деп аталган көз карандысыз аккредитациялоо жана рейтинг өткөрүү агентствосу тарабынан аныкталып, анын жыйынтыгы боюнча Кыргыз улуттук университети 1-орунду ээлегенин






кабарлап, катышуучуларды бул ийгилик менен куттуктады жана магистратура менен бакалавриат программаларынын институционалдык рейтингинде 1-орунду ээлеген факультеттердин декандарына тиешелүү сертификаттарды тапшырды. География, экология жана туризм факультети " География " багытынын бакалавр жанамагистратура боюнча 1 орунду ээлегенин тастыктаган 2 сертификат тапшырылды.